| 1 | Фарм-2-17 (у) | Фарм технология | Жаанбаева З. | 100 | 76,7 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Фарм-2-17 (у) | ОЭФ | Токтомуратов Р. | 100 | 80 | |
| 3 | Фарм-2-17 (у) | ПОПД | Мамаджанов М. | 100 | 60 | |
| 4 | Фарм-2-17 (у) | НВМП | Мамаджанов М. | 100 | 46,7 | |
| 5 | Фарм-2-17 (у) | Предквалиф практика | Токтомуратов Р. | 100 | 96,7 | |
| *13* | | **5** | **Орточо:** | **100** | **72,02** | |
| | | | **Колледж боюнча** | **98,2** | **85,3** | |

Клиникалык дисциплиналар кафедрасында окутулган дисциплиналардын ичинен Основы ребилитации сабагынан 2 СД1-18 тайпасынын студенттеринин сабакты өздөштүрүүсү абсолюттук көрсөткүчү-100%, ал эми сапаттык көрсөткүчү – 50 %, 3АД1-17 тайпасынын офтальмология предметинен абсолюттук көрсөткүчү-100%, ал эми сапаттык көрсөткүчү – 47%, 3Фарм-2-17 тайпасынын НВМП предметинен абсолюттук көрсөткүчү-100%, ал эми сапаттык көрсөткүчү – 46,7 % болгондугунун себеби бул студенттердин көбү сабакка аралыктан катышууда интернет түйндүн начар болгондугуна байланыштуу жакшы катыша албай сабакты начар өздөштүрүшкөн.

**8. 2-семестрдин жыйынтыгы боюнча 34-форманы (АКЖга чейин, АКЖдан кийин (коллеждерде) толтуруп тапшыруу. (Тиркелет)**

**9. Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногунун талаптарына дал келүүсүнө анализ (өткөн окуу жылынын мисалында)**

13-таблица

| № | Багыттар (адистиктер), деңгээлдер | Бүтүрүүчү студ. саны | Жумушка орношкону, % м-н | Өз адис. б-ча жум. орношкону % м-н | Эмгек рыногу м-н байл. % м-н | Окуу-илимий ишмер-н жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Акушердик иши | 21 | 55 | 42 | | |
| 2 | Сестралык иши | 25 | 47 | 38 | | |
| 3 | Дарылоо иши | 23 | 43 | 40 | | |
| 4 | Фармация | 60 | 52 | 47 | | |
| Колледж боюнча: | | **129** | **49** | **42** | | |

**10. Окуу-методикалык процесстин мамлекеттик стандартка жана нормативдик талаптарга жооп беришине анализ. Факультеттеги**

**(колледждердеги) багыттар (адистиктер) боюнча түзүлгөн жана бекитилген (Факультеттин (колледждин) Окумуштуулар кеңешинин жана ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйындарында) НББПна (НКББПна) анализ. Түзүлүп бүткөн НББП (НКББП) нын саны, сапаты, пайыздык көрсөткүчү. Негизги билим берүү жана негизги кесиптик билим берүү программалары жок багыттар (адистиктер), саны, пайыздык көрсөткүчү, түзүлө электигинин себептери. Окуу процессинин жүргүзүлүшүнө көзөмөл жана анын эффективдүүлүгү.**

Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин иш кагаздары атайын номенклатуралык стандартка негизделген. Бардык окуу программалары мамлекеттик орто кесиптик билим берүүнүн талабына ылайык түзүлүп, типтүү программалар бардык предметтен Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин кадрлардын ишин уюштуруу жана башкаруу тарабынан бекиттирген. (КРдин бардык медициналык колледжеринде бирдей түзүлгөн) учурда 100 пайыз камсыздалган.

Окуу–усулдук иш кагаздары жана предметтер боюнча бөлүнгөн окуу планы, сааттардын көлөмү, практикалык даярдоо жана окуу жүктөмдөрү мамлекеттик билим берүү стандартына дал келет. Колледж боюнча бардык окутулуучу дисциплиналардан жумушчу программалар жана силлабустардын түзүү толукталган.

Сабактардын жадыбалы семестрдик пландын негизинде түзүлүп, талапка жооп берет. Окуу иштери боюнча аткарыла турган иш–чаралар колледждин 2019–2020-окуу жылы үчүн түзүлгөн иш планына киргизилген жана аткарылган. Алардын аткарылышы боюнча тиешелүү документтер тиркелип коюлган.

Окуу процесси толугу менен кырдаалга байланыштуу аралыктан аткарылып, аткарылгандыгы тууралуу маалымат атайын журналга жана кафедралык журналдарга толтурулуп коюлган.

Окуу процессинин жүрүшү бардык предметтер боюнча модулдук-рейтингдик системанын жобосунун талабына жооп берет жана атайын графиктер боюнча AVN 28-программасы менен порталга киргизилген.

Өзгөн эл аралык медициналык колледжини 060101 “Дарылоо иши”, 060102 “Акушердик иши”, 060109 “Медициналык айым иши”, 060108 “Фармация” багыттары боюнча даярдалып жаткан адистер үчүн негизги кесиптик билим берүү программаларын (мындан ары НКББП) иштеп чыгуу үчүн ректордун 2018-жылдын 20-октябрда №1216-буйругу менен жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топ тиешелүү багыттар боюнча НКББПны кызыкдар тараптардын сунуштарын эске алуу менен иштеп чыгып бекитилди. 2018-2019-окуу жылында Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо (ААОПО) агенттиги тарабынан көз карандысыз аккредитациядан ийгиликтүү өтүп, аталган багыттар боюнча 2024-жылга чейин диплом берүү укугуна ээ болду.

Окуу процессинин жүрүшүн кырдаалга байланыштуу аралыктан дирекция, сапат комиссиясы, коррупцияга каршы курошуу комитети жана кафедра башчылары тарабынан козомолдонуп турулду. Ачык сабактардын, конференциялардын, сессиялардын, практикалардын откорулушу жыйынтыгы кафедранын отурумунда каралып турулду.

## 10.1. Студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурулушу, кабыл алынышы, жыйынтыкталышы жана көзөмөлдөнүшү.

Студенттердин өз алдынча иштери, алардын билимин жогорулатуу илимий чөйрөгө тартуу, туура багыт берүү максатында уюштурулган. Кафедралардын биринчи отурумунда график бекитилген, ал график боюнча ар бир окутуучу тайпалар боюнча СӨАИлерди силлабустарынын негизинде кабыл алып атайын өздөрүнүн журналдарына балдарын коюшат.

Өз алдынча иштери реферат, доклад, суроо-жооп, көнүгүү иштөө, тест, презентация, буклет, слайд, конспект ж.б. түрүндө кабыл алынат.

Окуу процессинде сабакты үзгүлтүккө учураткан студенттерге атайын түзүлгөн жадыбалдын негизинде кайрадан өтүшүп (отработка) программанын негизинде маалымат алышты. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда атайын кабинет жана күзөт уюштурулуп, сабактардан кийин атайын журналдарга белгиленип, студенттерге көрсөтмөлөр, кеңештер, багыттар берилди. Ал эми кээ бир предметтер боюнча СӨИ боюнча рефераттар, буклет, слайд, видео роликтер ж.б. алынып, алар студенттер тарабынан корголду.

## 10.2. Факультетте (колледжде) методикалык иштердин уюштурулушу, аткарылышы, сапаты, натыйжалары. Методикалык кеңештин иш-планы, аткарылышы.

Окуу жайда усулдук кеңештин иш планы окуу жылынын башында директор тарабынана бекитилген. Окуу жайдан усулдук кенешке ар бир кафедрадан мүчөлөр дайындалган. Анын аткарылышы дайыма көзөмөлгө алынып турулду. Башкача айтканда ар бир кафедрадан усулдук кеңешке мүчө болгон окутуучулар өз ара сабакка катышуу, ачык сабактар, сабактардын анализи, усулдук жардам, окутууда учурдун талабына ылайык жаңы технологияларды пайдалануу жана инновациялык жаңылыктарды сабактарда колдонуу, жаш адистер (мында **адистиги** педогог эмес) менен иштөөгө өзгөчө басым жасалып келет. Ошондой эле кабинеттерди жасалгалоо, ачык сабактардын темаларынын тандалышын, сабактарга өз ара катышуусун, окутуучулардын жумушчу программаларын даярдалышын, тайпа жетекчилеринин пландары, кафедралардын окуу-тарбиялык жана усулдук иштерин абалын талкуулоо, окуу-тарбиялык жана усулдук иштеринин абалы боюнча маселелер каралды. 2019-2020-окуу жылынын март айында дисциплиналар аралык олимпиадалар өткөрүлүп мыкты катышкан студенттерге сынактардан бошотулуп Жалал-Абад

медициналык колледжинде өткөрүлө турган түштүк аймактагы колледждер аралык олимпиадага жолдомо алышты. Олимпиада COVID-19 пандемиясына байланыштуу белгиленген мөөнөтүнөн жылдырылды.

Окутуунун заманбап технологияларынын колдонулушу жана натыйжалары боюнча колледждин ар бир кафедрасында атайын темалар боюнча интерактивдүү досканын, кээде ноутбуктардын жардамында студенттерге көрсөтүлдү. Мындан сырткары ар бир мугалимге өтүп жаткан сабагынын ар бир темасы боюнча презентациялык сабактардын иштелмелерин иштеп чыгуу тапшырмалары берилген. Интерактивдүү досканы пайдалануу менен өткөн окутуучулар тарабынан өз ара жардамдар уюштурулуп башка окутуучуларга көрсөтүлүп турду. Дүйнөлүк пандемияга байланыштуу окуу процесси аралыктан болгондуктан окутуучуларга усулдук жардам катарында ОшМУнун АББСД тарабынан уюштурулган "Онлайн конференция өтүү үчүн эн мыкты программа. Zoom платформасында иштоону уйронуу", "Zoom сервисин кантип иштетебиз", "Kelbil порталына ОМКларды кантип жүктөйбүз", "Методические рекомендации преподавателю при переходе в онлайн", "Аралыктан окутуунун жаны технологиялары Kelbil", mail@oshsu.kg почталык сервер, "Videourok.net", "PDF форматы менен иштөө", "Дистанттык технологиялар менен тесттик тапшырмаларды түзүү жана кабыл алуу", "Kahoot! сервиси менен иштөө" ж.б.у.с. бир нече семинарларга окуу жайдын баардык октуучулары катышып, студенттерге билим берүүдө өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн колдонушту.

Окутуунун кредиттик технологиясынын айрым элементтерин колдонуу жана аны өркүндөтүү максатында жыл башында атайын семинарга кафедра башчылары катышып, алган тажрыйбасын ар бири өзүнүн кафедрасында жайылтуу максатында семинар уюштурулуп, мугалимдер менен талкуу уюштурулган. Кредиттик технологиядагы эң негизги көрсөтмө болгон силлабустар ар бир предмет боюнча түзүлдү, Окуу жылдын башында силлабустар кайрадан каралып чыгып ондоп түзөөгө кайрадан берилип биринчи жарым жылдыкта толугу менен ар бир предметтен түзүлүп болгон. Ош мамлекеттик университетинин иш чараларды жүргүзүү боюнча жоболорунун жана тиешелүү бюллетендеринин негизинде колледжде да иш чаралар аткарылды. Колледждин окуу корпустарында кредиттик технология боюнча стенддер чыгарылып илинген.

### 10.3. Факультеттин (колледждин) Окумуштуулар кеңешинин иши (пландаштырылышы, чечимдеринин аткарылышы, жыйынтыктары).

Жыл башында педагогикалык кеңештин иш планы ОшМУдан бекитилген. Жалпы чогулушта педагогикалык кеңештин мүчөлөрү 13 окутуучудан турган состав шайланган жана төрагасы директор О.Т. Станбаев, катчы ЖГСЭД кафедрасынын окутуучусу Тойгелди кызы Айчурек бекитилген.

Педагогикалык кеңешинде кабыл алынган чечимдер, токтомдор педагогикалык кенешме учурунда өз убагында коллективге жеткирилип анын аткарылышын көзөмөлгө алуу кафедра башчыларына дайындалып турду. Жыйынтыктары окумуштуулар кенешинин протоколуна тиркелип коюлган.

Коллеж тарабынан өткөрүлгөн илимий конференцияларга, семинарларга окутуучулар жана студенттер үзгүлтүксүз катышышып, сунуш пикирлерин айтып турушат.

Иш план боюнча 12 отурум пландаштырылган окуу жыл ичинде 12 отурум өткөрүлгөн. Протоколдору жана көчүрмөлөрү тийиштүү бөлүмдөргө таркатылып тиркелген.

**11. Факультетте (колледжде) окуу процессин уюштурууда окутуунун кредиттик технологиясын колдонуунун абалы (№18, 19, 22, 26 бюллетендер). Аталган технологиялар менен окуу процессин жүргүзүүдө уюштурулган иш чаралар боюнча анализ.**

Колледжде окуу процессин уюштурууда окутуунун кредиттик технология боюча окутуучулар, студенттер менен биргеликте кредиттик технологияны жайылтуу максатында семинарлар өткөрүлүп колледждин окуу корпустарына кредиттик технология боюча стенд чыгарылып илинген. Ош мамлекеттик университетинин иш-чараларды жүргүзүү боюнча жоболорунун негизинде иш-чаралар аткарылды. Кредиттик технологияны жайылтуу максатында конференция өткөрүлдү жана кафедрада атайын бурч түзүлгөн. Кредиттик технологияда ар бир дисциплинага силлабустарды түзүү жагы каралган. Окуу жылынын башында түзүлгөн силлабустар окутуучулар тарабынан студенттерге таркатылган. Окутуунун кредиттик технологиясынын айрым элементтерин колдонуу жана аны өркүндөтүү максатында жыл башында атайын семинардан кафедра башчылары катышып, алган тажрыйбасын кафедрага жайылтуу максатында семинар уюштурулуп, мугалимдер менен талкуу уюштурулган. Кредиттик технологиядагы эң негизги көрсөтмө болгон силлабустар ар бир предмет боюнча түзүлдү, учурда силлабустардагы баалоо системасын кайрадан карап чыгуу тапшырмалары берилген.

Окуу процесси окутуунун кредиттик технологияларынын негизинде уюштурулуп, №18 бюллетенге ылайык окуу процессин кредиттер системасын жана билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн модулдук-рейтингдик баалоо системасын колдонуу менен пландаштырылды жана уюштурулду. Окутуу адистерди даярдоонун кесиптик орто билим берүү стандарттарына дал келүүчү программалары, ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигинин атайын чечимдери менен бекитилген программалар боюнча жүргүзүлдү.

Адистик боюнча билим берүү программасынын окуу планына киргизилген окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча жумушчу программалар жана силлабустар №19 жана №24-бюллетендин негизинде түзүлдү. Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр уюштурулган. Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу үчүн

тапшырмалардын талапка ылайык түзүлгөн, тесттик материалдарды AVNге жайгаштырылып өз учурунда экзамен алынды. Кредиттик технологиянын, окутууга компетенттүүлүк мамиленин мазмунун, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабактар окутулду.

**12. Коллежде ректордун 2013-жылдын 6-декабрындагы №639 - буйругу менен бекитилген инновация, инвестиция жана интеграция багытында өнүктүрүү программасынын жана ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2014-жылдын 16-октябрындагы №1-жыйынында кабыл алынган жана ОшМУнун ректорунун 2014-жылдын 18-октябрындагы №546-буйругу менен бекитилген модернизациялоо программасынын алкагында аткарылган иштер.**

Ректордун 2014-жылдын 18-октябрындагы №546- буйругуна ылайык кафедрада AVN системасы кеңири жайылган. Коллежде окутулган сабактардын лекциялык жана практикалык иштелмелеринин электрондук варианттары түзүлгөн, жана жаңы окуу жылына AVNге жайгаштырууга аракет кылабыз. Билимдин сапатын жогорулатуу максатында кафедра заманбап муляждар менен камсыз кылынган, сабак учурунда кеңири пайдаланууда. Ошондой эле интерактивдүү доска коюлуп аны пайдалануу менен сабактар өтүлүүдө. Өзгөн эл аралык медициналык колледжининин сайты түзүлүп кафедра боюнча маалыматтар жайгаштырылган.

**13. Колледжде кафедралардын, структуралардын, методкеңештердин иш-пландарында кредиттик технологияны, окутууга компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу багытында иш-чаралардын камтылышы жана аткарылышы жөнүндө маалымат.**

Колледжде кафедралардын, структуралардын, методкеңештердин иш-пландары кредиттик технологиянын негизинде түзүлүп, иш алып барылды. Бардык предметтер үчүн окутуучулар компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу максатында окуунун күтүлүүчү натыйжаларын эске алып ДОМКаларды даярдап чыгышты.

**14. Колледждердин маалыматтык каталогун (пакетин) түзүү, сайтка жайгаштыруусу.**

Колледжде 5 адистик боюнча маалыматтык каталогу (пакети) түзүлүп ОшМУнун сайтындагы колледждин бөлүгүндө атайын информационный стенд деп киргизилген. Азыркы жаңы окуу планын негизинде кайра түзүү пландаштырылды.

**15. Колледжде окутулган предметтер боюнча тесттик суроолордун түзүлүшүнүн абалы (№23 бюллетень). Учурдук, аралык жана жыйынтык текшерүүлөргө анализ. Компьютердик тестирлөө менен уюштурулган текшерүүлөр боюнча маалымат.**

Кафедраларда окутулган предметтер боюнча №23-бюллетенге ылайык тесттер түзүлгөн, кафедранын отурумунда каралып, директор тарабынан бекитилип, окуу бөлүмүнө тапшырылган. Тесттер предметтин саатына жараша ар бир семестр үчүн 100дөн 250гө чейин суроодон турат. Азыркы мезгилде кафедра окутуучулары бекитилген предметтери боюнча тест жыйнактарын AVNге киргизишкен. Көз карандысыз тестирлөө борбору түзүлгөн. Мындан арыда тесттерди толуктоо иш чаралары жүргүзүлүүдө. Өлкөдөгү кырдалга байланыштуу окуу процессин аралыктан уюштурулуп 1-2-курстандын студенттери экзаменди AVN ИС аркылуу тапшыруусу жолго коюлду. Бул иш аракет окутуучулар үчүн бир топ женилдиктер болду. Студенттер телефону аркылуу өзүн логин паролу менен avn.oshsu.kg порталына кирип экзамендерин тапшырды.

**16. Колледжде учурда иштеп жаткан инновациялык бөлүктөр: лаборатория, конструктордук бюро, клиника, илимий ийрим ж.б. сандык жана сапаттык абалы, ишмердүүлүгү.**

Окуу кааналары жана клиникалык кабинеттер окуу планына ылайык талапка жооп берет. Андан сырткары, компьютердик класс, электрондук библиотека, көз карандысыз тестирлөө борбору түзүлүп заманбап компьютерлер менен жабдылган. Жаңы технологиялар менен сабак өтүү максатында 3 аудиторияга интерактивдүү доска 2 сенсордук экран орнотулуп, студенттердин билим алуусуна ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Колледждеги технологиялык борбордун компьютерлери «Internet» тармактарына туташтырылган. Студенттер бүткүл дүйнөлүк информациялык мейкиндиктеги кабарлар менен таанышып, электрондук китептерден пайдаланып, мультимедиялык технологиялар аркылуу терең билим алышат.

Колледжде окуу процессинде пайдалануу үчүн 30 компьютер, 9 принтер ксерокс менен, 3 компьютердик диапроектор 3 интерактивдик доска 2 сенсордук экран пайдаланылат. Конференция уюштуруу үчүн атайын кымбат баалуу 1 даана камера (микрофон калокасынын менен) университет тарабынан бөлүнүп берилди.

Колледжде клиникага жакындатылган моделде тиш дарылоо борбору, реанимациялык, кабыл алуу бөлүмү, процедуралык, ымыркайга биринчи жардам көрсөтүү, фармацевтикалык жана тиш жасоочу лаборатория түзүлгөн. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, Өзгөн медициналык колледжинин алдында клиникалык борбор ачылган. Азыркы кезде клиникага Кытай, Германиядан, Россиядан ж.б. жаңы үлгүдөгү медициналык аппараттар алынып келинип, студенттердин терең билим алуусуна көмөктөш болуу менен бирге оорулууларга да пайдасы тийүүдө. Ал жерде массаж, аптека, физиотерапиялык кабинеттер керектүү инструменттер менен жабдылган. Студенттер ар бир сессиянын аягында клиникада,

бейтапканаларда практика өткөрүшүп алган билимдерин бекемдешет. 2012-жылы Өзгөн медициналык колледжи жаңы медициналык тренажер, муляж менен камсыздалып, медициналык тренажердук зал иштеп жатат. Колледждин башкы корпусунда спорттук тренажердук зал уюштурулган. Акушердик жана химия предметтеринен виртуалдык лаборатория түзүү иш аракеттери жүрүп жатат. Жалпы кесиптик дисциплиналар кафедрасында азыркы учурда фармацевтикалык технология боюнча лабораториялык каана уюштурулду. Фармакогнозия боюнча практика өтүүчү каана уюштурулган гербарий, лупалар бар.

## 17. Колледжде маданий-тарбиялык, коомдук иштердин уюштурулушу, аткарылышы жана жыйынтыктары (предметтерди окутуудагы тарбиялык, кураторлук иштер ж.б.у.с.). Бул иш-чаралардын ММК, электрондук каражат, социалдык тармактарда чагылдырылуусу.

Тарбиялык иштердеги бардык процесстер студенттердин маданияттуулугун, адамкерчилигин, кесиптик билимин жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында жүргүзүлөт. Билим берүү, аны менен бирге студент жаштарды тарбиялоо-Кыргыз мамлекетин өзгөртүп, өнүктүрүүдө өзгөчө маанилүү стратегиялык ресурс болуп эсептелет.

2018-2019-окуу жылындагы тарбиялык иштер Кыргыз Республикасынын ЖОЖдордогу тарбиялык иштердин комплекстүү планы, ОшМУнун Уставы, ОшМУнун тарбия иштери боюнча концепциясы, ОшМУнун кураторлору жана кураторлук сааттар жөнүндө жобосу жана ОшМУнун директордун тарбия иштери боюнча орун басары жөнүндө жобого ылайык иш-план түзүлүп, план окуу жылынын башында директор тарабынан бекитилген. Планда уюштуруу иштери, окуу иштери, гуманизмге тарбиялоочу иш–чаралар, интелектуалдык тарбия, Маданий эстетикалык иш чаралар, дене тарбия, Саясий-укуктук, патриоттук интернационалдык тарбиялар боюнча иш-аракеттер жасалды.

**Уюштуруу иштери.** Окуу жылынын башында 14 тайпа бекитилип, ректордун 209-жылдын 04-сентябрындагы № 630-буйругунун негизинде тайпалардын кураторлору дайындалды жана 2019-жылдын 23-октябрь айында № 23-буйругунун негизинде тайпа старосталары дыйындалды. Ар бир тайпанын кураторлору, старосталыка сунушталган студент тайпада окуган студенттер тарабынан бир добуштан шайланды. Шайланган старосталарга протокол түзүлүп бекитилди. Жаштар комитетинин мүчөлөрүн шайлоо, ноябрь айынын экинчи жумасында жаштар комитетинин мүчөлөрүн старосталарга сунушталып, ар бир аталган сектор башчысын старосталар тарабынан колдоого алынып, бир добуштан колдоп беришти. Жаштар комитетинин төрагалыгына Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 2-курсунун студенти **Эмилбек кызы Даткайым** шайланды.

Кураторлорубуздун педагогикалык сабаттуулугун жакшыртуу, колледждеги кураторлук жумушту бир нукка салуу максатында ОшМУда чыгарылган “Кураторлук журнал”да кураторлорго керектүү «Кураторлор жөнүндө» жобо, кураторлорго усулдук көрсөтмө, студенттик тайпаларда тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн болжолдуу планы, куратордук сааттардын темалары жазылган болуп, жыл башында кураторлордун жумушчу пландары бекитилип, жыл ичинде аткарылган.

10-ноябрь Бүткүл Дүйнөлүк жаштар күнүнө карата ОшМУнун ректору доцент К.Г.Кожобеков студенттерди 10-ноябрь Бүткүл Дүйнөлүк жаштар күнүнө жана 17-ноябрь Бүткүл дүйнөлүк студенттер күнүнө байланыштуу окууларында ийгилик жараткан колледждин “Сестралык иши” адистигинин 3-курсунун студенти Кудайбердиева Калбүбү тандалып, окумуштуулар кеңешинин стипендианты аталып, ректордун колунан медаль жана сертификат алды. Сертификат алган студентдин банктык картасына 5000 сом стипендия которулгандыгын ректор өз сөзүндө айтып өттү.

**Гуманизмге тарбиялоо багытындагы иштер**

Улууларга татыктуу урмат көрсөтпөй туруп, жаштарды жакшы тарбиялоого мүмкүн эмес. Ошондуктан 1-октябрь улгайган адамдардын эл аралык күнүнө карата окуу жайдын студенттеринин демилгеси менен районубуздагы камкорсуз калган карыялардын үйлөрүнө барып, чарбалык иштерине жардам берилди.

Сентябрь, октябрь айларында студенттерди жаратылышты, тазалыкты сүйүүгө тарбиялоо максатында окуу жайдын бардык имараттарында, Өзгөн шаарынын бир катар көчөлөрүндө, борбордук стадиондо ишембиликтер уюштурулдуп.

**Медициналык жогорку окуу жайларынын жана колледждердин арасында “Ыктыярчылардын кыймылын” жандандыруу жөнүндө тегерек стол”-** Ош шаарында Кыргызстандагы Кызыл жарым ай коомунун түштүк региону боюнча өкүлчүлүгү тарабынан, 2019-жылдын 17-октябрь күнү Кыргызстандагы медициналык жогорку окуу жайларынын жана колледждердин студенттери арасында "Ыктыярчылардын кыймылы" аттуу тегерек стол уюштурулду. Тегерек столго Саламаттыкты сактоо министрлигинин атынан Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциясынын төрагасы Ө.Т.Станбаев куттуктоо сөз айтып семинардын катышуучуларына ийгилик каалып өттү. Семинардын жыйынтыгында директорлор Улуттук кызыл ай коому менен резолюция кабыл алынды .

**Маданий-эстетикалык тарбия багытындагы иш-чаралар**

Колледжде студенттер үчүн маданий-эстетикалык иш-чаралар байма-бай өткөзүлүп, көркөмдүк деңгээли жылдан жылга жакшырган сайын күйөрмандары көбөйүп, студенттер бош убактыларын маданий көңүл ачуучу кароо-сынактарга активдүү катышуу менен өткөзүшүүдө.

“Кыргыз Республикасынын мамалекеттик тили жөнүндө мыйзамынын” 30 жылдыгына карата 2019-жылдын 23-сентябрь күнү өткөрүлгөн 1-курстар арасында “ Тил – мамалекеттин сыймыгы ” аттуу майрамдык иш-чара өткөрүлдү.

Тарбиялык иштерде чогулуштар, ата-энелер менен жолугуушулар, тегерек столдо маектешүү, белгилүү адамдар менен жолугушуу, фильмдерди көрсөтүү, колледждин ички тартиби менен тааныштыруу, ачык эшиктерди өткөрүү, терроризмге жана коррупцияга каршы күрөшүү, жаштар СПИДге каршы, аялдардын коомдогу ролу ж.б.у.с пландаштырылып врачтар, наркологдор жана аймактык тескөөчүлөрү менен жолугушуулар жүргүзүлүүдө.

Өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу бир канча иш чаралар онлайн өткөрүлдү. Аларды атасак: 9-май Улуу жеңиштин 75 жылдыгына карата ОшМУда онлайн өткөрүлгөн иш-чарага Жеңиш ырын ырдайбыз, ОшМУга 80 жыл, ОшМУда “Ачык эшиктер күнү”, “ОшМУ бүтүрүүчүлөрүн онлайн учурду”.

## 18. Окуу китептерине, адабияттарга анализ, камсыздалышы, муктаждык. Факультетте профессордук-окутуучулук курам тарабынан жарыкка чыккан окуу-усулдук колдонмолор (министрликтин грифи ж.б.) тизмеси көрсөтүлүүсү менен акыркы үч жылга анализ жана алардын окуу процессинде колдонуу эффективдүүлүгү.

Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин китепканасы колледждин башкы имаратында жайгашкан. Китепкананын китеп сактоочу жайы 50м$^2$, окуу залы 113,87м$^2$ ты түзөт. Ошондой эле 60 орундуу тейлөө бөлүмү бар. Негизинен жалпы китеп фондун 11000 (он бир миң) даана китеп түзөт жана 150 электрондук китептер менен толукталган.

Негизинен китеп фондун 1975 - 1988 - жылга чейинки эски китептер түзөт жана жаңы китептер менен толукталган. Кафедранын окуу китептеринин жетиштүүлүгү 87 % түзөт. КРнын медициналык окуу жайларынын медициналык программасы өзгөртүрүлгөнүнө байланыштуу китеп фондусуна жаңы китептер алынган. (Б.Үкүеванын “Манас таануу” 60 даана манас таануу предметинен). 2016-жылы Давлатова С., Исаева М., Жолдошева А. “Манас таануу” 100 даана манас таануу предметинен окуу китептери алынган.

Компьютердик байланыш глобалдык жана локалдык масштабда компьютердик торчолордо бир гана библиографиялык маалымат гана эмес, бүтүн тексттик маалымат чоң көлөмдө сакталган жана окуу процессине кеңири киргизилген. Колледждин электрондук маалымат сактоочуларында оперативдик, илимий- медициналык жана окутуучу менен студенттерге керектүү маалыматтар сакталат. Интернет технологиялары жана библиотекалык автоматташтырылган ИРБИС системаларын таануу, өздөштүрүп иштетүү өтө зарыл. Мисалы: ушул системалардын аналогу ОшМУда азыркы мезгилде абдан ийгиликтүү иштеп жатат. Ушул библиотекалык системада чоң көлөмдө медициналык адабияттар электрондук информация сактагычтарына киргизилген. Бул электрондук кетепкананын ачылышы медициналык колледжге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачкан. Ошондой эле заман талабына ылайык же жетишпеген адабияттар ОшМУнун www.ibooks.oshsu.kg сайтында жайгаштырылат.

Студенттер үчүн адабияттар окуу методикалык комплекстер кыргыз тилинде 45% , орус тилинде 100% камсыз болгон.

Өзгөн эл аралык медициналык колледжи “Радионуклеиддердин тирүү организмге болгон этиопатофизиологиялык таасири” деген тема боюнча илимий иштерди жүргүзүүдө. Медицина илимдеринин кандидаты, доцент Каримова И.С. тамекинин уругунан алынган майларды дарылоо максатында колдонуунун илимий негиздерин изилдөөдө. Бул ишти алып баруунун натыйжасында 20га жакын илимий макалалары “Известия”, “Композиционные материалы” журналдарында жарык көргөн.

***Колледжде эмгектенген окутуучулар тарабынан жарык көргөн окуу китептер.***

2012-2013-окуу жылында ОшМУнун 60 жылдыгына карата И.С Каримова, Ө.Т. Станбаевдердин “Уход за здоровым и больным ребенком” жана “Применение мази из масла семьян табака в лечебных целях” окуу китептери жарык көргөн.

2013-2014-окуу жылында дагы ОшМУнун 60 жылдыгына карата И.С.Каримова, Ө.Т.Станбаев, К.Т. Раеванын орус жана кыргыз тилинде “Адам денесинин түзүлүшү” окуу китеби жарык көрдү.

2014-жылы ОшМУнун 75 жылдыгына карата И.С.Каримова, Ө.Т.Станбаев, К.Т. Раеванын “Доврачебная помощь при хирургических заболеваниях и травмах” окуу китеби чыккан.

2016-жылы А.Н.Хашимова, Ө.Т. Станбаев, И.Каримова, М.Мамаджанов, М.Абдугапированын “Практические навыки фельдшера” окуу китеби чыккан.

***Колледждеги окутуучулардын жарык көргөн илимий эмгектери.***

1. Станбаев Ө.Т. “Хирургическое лечение острого панкреатита” Здравоохранения Киргизии журналы-Фрунзе 1991-ж.
2. Станбаев Ө.Т. “Комплексное лечение послеожоговых стриктур пищевода” 88-бет. “Сочетанная травма таза и внутренних органов” 167-бет. “Лечебная тактика при сочетанной травме грудной клетки” 168-бет. Актуальные проблемы клинической и экспериментальной хирургии китеби Бишкек 1995-ж.
3. Каримова И.С. “Лечебные свойства мази из семьян табака. Эл аралык адабий-көркөм, коомдук саясий альманах журналы–Ош 2007.
4. Каримова И.С. “К применению мази из семьян табака при эрозии шейки матки, хронических гнойных отитах и ринитах”. КГМИнин XXI кылымдын медициналык кадрлары №3 журналы–Бишкек 2008-ж.
5. Каримова И.С. “К применению мази из семьян табака при лечении псориаза”. Материалы международной научно-практической конференции, посвяөенной 130 летию города Жалал-Абад на тему: “актуальные проблемы социально-экономического развития Кыргызстана” Жалал-Абад 2008-ж.
6. Каримова И.С. “Эффективность применения масла из семьян табака при ЛОР-заболеваниях”. Илимий-практикалык мед. журнал. Бишкек 2009-ж.
7. Каримова И.С. “Анализ заболеваемости населения в Узгенском районе и пути их снижение”. Известия журналы–Ош 2009-ж.
8. Каримова И.С. К.Т.Раеванын “Календула дары гүлүнүн медицинада колдонуу өзгөчөлүктөрү” Известия вузовжурналы–Бишкек 2010-ж.
9. И.Каримова, К.Т.Раеванын “Өзгөн районунун климаттык шартына календула дары гүлүнүн ыңгайлануусунун өзгөчөлүктөрү” Известия №3
10. К.Т.Раева И.С.Каримова “Экологические проблемы Узгенского района и меры борьбы с ними 2/2016-ж. Известия 213-215 беттер, 4 бет

11. И.С.Каримова Макала “Календула дары гүлүнөн жасалган косметикалык каражаттарды пайдалануунун натыйжалары 2/2016-ж. Известия 224-229 беттер, 6 бет.

12. Кочкор уулу Б. Каримова И.С. Мамаджанов М.А. “Чувствительность микроорганизма антибиотикам. 2017-ж.

13. Сулайманова Г.А. , Каримова И.С., Станбаев О.Т. “Причины эрозии шейки матки, развитие заболевания и ее лечение” РИНЦке катталган Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ илимий журналынын №3-2018 басмасында.

14. Каримова И.С., Мамаджанов М.А., Хашимова А.Н. “Особенности работы по методу группы семейных врачей”. РИНЦке катталган Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ илимий журналынын №3-2018 басмасында.

Колледждеги электрондук китептердин тизмеси

| | |
|---|---|
| 1. | Институт хирургии имени А.В. Вишневского. Хирургическая ангиология.(DVD)<br>Операции на брахиоцифальных сосудах. Часть 1.<br>Реконструктивные сосудистые операции на артериях нижних конечностей. Часть 2.<br>Операции на почечных и висцеральных артериях Исследование ангиография. Часть 3. |
| 2. | Институт хирургии имени А.В. Вишневского.Хирургическая панкреатология. (DVD)<br>Особенности кровоснабжения поджелудочной железы (ангиография)<br>Ампутация голени при критической ишемии<br>Хирургическое лечение гнойно-некротических осложнений диабетической стопы |
| 3. | (DVD)8в1 ПСИХОЛОГИЯАвторские программы Луизы Л.Хейли:<br>Исцели свою жизнь.<br>Вы достойны успеха и процветание .<br>Разговор по душам.<br>Преодолеваем барьеры и блоки .<br>Ауторенинг Волшебные мантры.<br>Мужчина и женщина приемы эффективного общение. |
| 4. | (DVD) 8в1 ПСИХОЛОГИЯ выпуск 2 Практические реализация желания:денги,суженый<br>Ведическая астрология.<br>Китайский точечный массаж.<br>Начальный курс хатха-йоги.<br>Фитнес-йога от Натальи Правдиной.<br>Ошо-медитация.<br>Антистресс. |
| 5. | Операция на зубы |
| 6. | Видеофильм "Мир Леонардо да Винчи" (DVD) |
| 7. | Видеофильм "Сергей Есенин" (DVD) |
| 8. | Видеофильм "История Второй Мировой войны" (DVD) |

| | |
|---|---|
| 9. | Видеофильм "История. 20 век. 20-30 гг. (9 класс)" (DVD) |
| 10. | Видеофильм "Первая Мировая война" (DVD) |
| 11. | Видеофильм "Уроки истории " (DVD) |
| 12. | Видеофильм "Астрономия-1 " (DVD) |
| 13. | Видеофильм "Астрономия-2 " (DVD) |
| 14. | Видеофильм "М. Ломоносов и Д. Менделеев" (DVD) |
| 15. | Видеофильм "Операция "Гелий"" (DVD) |
| 16. | Видеофильм "Физика - 1 ( Лабораторные работы) " (DVD) |
| 17. | Видеофильм "Физика - 2 ( Волновые процессы)" (DVD) |
| 18. | Видеофильм "Физика - 3 " (DVD) |
| 19. | Видеофильм "Физика - 4 " (DVD) |
| 20. | Видеофильм "Физика. Геометрическая оптика" (DVD) |
| 21. | Видеофильм "Физика. Магнетизм. ч. 1. Магнитные явления" (DVD) |
| 22. | Видеофильм "Физика. Магнетизм ч. 2. Магнитное поле земли" (DVD) |
| 23. | Видеофильм "Физика. Оптические явления в природе" (DVD) |
| 24. | Видеофильм "Физика. Основы кинематики" (DVD) |
| 25. | Видеофильм "Физика. Тепловые явления" (DVD) |
| 26. | Видеофильм "Физика. Электрические явления" (DVD) |
| 27. | Видеофильм "Физика. Электрическиий ток " (DVD) |
| 28. | Видеофильм "Физика. Электрическиий ток в металлах и жидкостях" (DVD) |
| 29. | Видеофильм "Физика. Электрическиий ток в полупроводниках" (DVD) |
| 30. | Видеофильм "Физика. Электромагнитная индукция" (DVD) |
| 31. | Видеофильм "Физика. Электростатическе поле" (DVD) |

| | |
|---|---|
| 32. | Видеофильм "Физика. Электростатические явления" (DVD) |
| 33. | Видеофильм "Физика. Энергия электростатического поля" (DVD) |
| 34. | Видеофильм "Химические элементы" (DVD) |
| 35. | Видеофильм "Химия - 8 класс часть 1" (DVD) |
| 36. | Видеофильм "Химия - 8 класс часть 2" (DVD) |
| 37. | Видеофильм "Химия 9. Химическое равновесие " (DVD) |
| 38. | Видеофильм "Химия 9. Электролитическая диссоциация" (DVD) |
| 39. | Видеофильм "Химия вокруг нас" (DVD) |
| 40. | Видеофильм "Химия элементов - неметаллов" (DVD) |
| 41. | Видеофильм "География-1"(DVD) |
| 42. | Видеофильм "География-2"(DVD) |
| 43. | Видеофильм "География-3"(DVD) |
| 44. | Видеофильм "Биология - 1 " (DVD) |
| 45. | Видеофильм "Биология - 2 " (DVD) |
| 46. | Видеофильм "Биология - 3 " (DVD) |
| 47. | Видеофильм "Биология - 4" (DVD) |
| 48. | Видеофильм "Биология - 5" (DVD) |
| 49. | Видеофильм "Биология. Где живут организмы " (DVD) |
| 50. | Видеофильм "Ботаника. Знакомство с цветковыми растениями" (DVD) |
| 51. | Видеофильм "Эволюция животного мира" (DVD) |
| 52. | Видеофильм "Экология XXI век"(DVD) |
| 53. | Видеофильм "Экология. Нетрадиционная энергетика"(DVD) |
| 54. | Видеофильм "Анатомия для детей" (DVD) |

| | |
|---|---|
| 55. | Видеофильм "Анатомия -  1" (DVD) |
| 56. | Видеофильм "Анатомия - 2" (DVD) |
| 57. | Видеофильм "Анатомия - 3" (DVD) |
| 58. | Видеофильм "Анатомия - 4" (DVD) |
| 59. | Видеофильм "ВИЧ. Знать, чтобы жить" (DVD) |
| 60. | Видеофильм "ОБЖ. Травматизм. Оказание первой медицинской помощи " (DVD) |
| 61. | Видеофильм "ОБЖ. Чрезвычайные ситуации природного и техногенного характера" (DVD) |
| 62. | 4 в 1 : Грамматика русского языка / Обучения чтению  Грамматика английского языка / Техника чтения английского языка (методики Н. Зайцева) |
| 63. | Электронная книга.  Лекции для студентов. 1 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 64. | Электронная книга.  Лекции для студентов. 2 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 65. | Электронная книга.  Лекции для студентов. 3 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 66. | Электронная книга. Лекции для студентов. 4 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 67. | Электронная книга. Лекции для студентов. 5 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 68. | Электронная книга. Лекции для студентов. 6 курс. “МЕДИЦИНА” |
| 69. | Атлас “АНАТОМИИ ЧЕЛОВЕКА” |
| 70. | Справочник “ВНУТРЕННИЕ БОЛЕЗНИ” |
| 71. | Энциклопедия лекарственных растений |
| 72. | Энциклопедия Медицинская |
| 73. | Большой компьютерный самоучитель DVD |
| 74. | Уроки алгебры КиМ 9 класс (DVD-Box) CD-ROM |
| 75. | Уроки биологии КиМ. Животные. 7 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 76. | Уроки биологии КиМ. Общая биология 11 класс (DVD-BOX) CD- |

| | |
|---|---|
| | ROM |
| 77. | Уроки биологии КиМ. Общая биология 10 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 78. | Уроки биологии КиМ. Растения. Бактерии. Грибы. 6кл.(DVD-BOX) CD-ROM |
| 79. | Уроки биологии КиМ. Человек и его здоровье. 8кл. (DVD-BOX) CD-ROM |
| 80. | Уроки литературы КиМ 9 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 81. | Уроки литературы КиМ 10класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 82. | Уроки литературы КиМ 11 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 83. | Уроки физики КиМ 11 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 84. | Уроки физики КиМ 9 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 85. | Уроки физики КиМ 10 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 86. | Уроки химии КиМ 10-11 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 87. | Уроки химии КиМ 8-9 класс (DVD-BOX) CD-ROM |
| 88. | Грамматика английского языка (OEM) CD-ROM |
| 89. | Репетитор по биологии КиМ 2009 (OEM) CD-ROM |
| 90. | Справочник акушера и гинеколога (OEM) Равновесие |
| 91. | Справочник гастроэнтеролога (OEM) Равновесие |
| 92. | Справочник Кардиолога (OEM) Равновесие |
| 93. | Справочник педиатора (OEM) Равновесие |
| 94. | Справочник по трад. и нетрад. медицине (OEM) CD-ROM Равновесие |
| 95. | Атлас морфологии человека (OEM) CD-ROM НД |
| 96. | Полезные программы 2008 Диагностика Компьютеров (OEM) CD-ROM НД |
| 97. | Лекции по психологии (OEM) ИДДК |

| | |
|---|---|
| 98. | Лекции для студентов Безопасность жизнедеятельности (OEM) CD-ROM Медиа2000 |
| 99. | Энциклопедия развития ребенка Медиа Арт |
| 100. | Энциклопедия развития ребенка 2 Медиа Арт |
| 101. | Моң тело. Анатомия и физиология человека (OEM) CD-ROM НД |
| 102. | БОТАНИКА 6-7 кл (jewel) |
| 103. | ДОМАШНИЙ МЕДИЦИНСКИЙ СПРАВОЧНИК [Равновесие] (jewel) |
| 104. | МЕДИЦИНСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ (2CD) [НД] (jewel) |
| 105. | УЧИТЕ КИТАЙСКИЙ. УРОВЕНЬ Elementary (Начальный) (jewel) |
| 106. | УЧИТЕ КИТАЙСКИЙ. УРОВЕНЬ Intermediate (Продолж) (jewel) |
| 107. | УЧИТЕ РУССКИЙ. УРОВЕНЬ Elementary (Начальный) (jewel) |
| 108. | УЧИТЕ РУССКИЙ. УРОВЕНЬ Intermediate (Продолж) (jewel) |

**19. Факультетте (колледжде) окуу процессинин компьютердик (мультимедия) ж.б. технологиялар менен коштолушу (сабактардын компьютердик моделдерди, CD, мультимедиялык китептер, ж.б.у.с.).**

Окуу процессин уюштурууда кафедранын окутуучулары окутуунун жаңы технологияларын, инновациялык-интерактивдүү методдорун колдонушууда, теориялык сабактар боюнча слайддар түзүлүп электрондук китепчелердин жардамы менен окутулат. Ар бир кабинет жооптуулары өздөрүнүн күчү менен 1 телевизор жана 1 ден DVD аппараттары менен камсыздаган. ОшМУнун медиа борбору тарабынан алынган видиофильмдерди көрсөтүү менен теориялык, практикалык сабактар өтүлөт жана инновациялык методдорду колдонуу менен ачык сабактар уюштурулган. Аудиториялар 90 % аудио, видеофильмдер менен камсыздалган.

Колледжде компьютердик класс түзүлгөн жана информатика предметинен студенттерге кеңири түшүнүк берүү үчүн компьютердик классы ачылган.

Колледжде 30 компьютер, 9 принтер бар. Андан сырткары 3 интерактивдүү доска 2 сенсордук экран бар. Азыркы күндө колледжде интернет алынып келинген жана ОшМУнун интернет тармагына уланган.

Дисциплиналар боюнча электрондук методикалык камсыздоонун абалына анализ: 2019-2020-окуу жылында кафедралардагы окутуучулары лекциялык, практикалык сабактын иштелмесин (электрондук вариантын) даярдап AVNге, Kelbilге жайгаштырган. Ошондой эле предметтерден тесттер түзүлгөн.

## 20. Факультеттин (колледждин) материалдык техникалык базасына, аудиториялык фондуна анализ.

Колледж окуу процессин камсыздоо үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базага ээ. Азыркы учурда Өзгөн медициналык колледжинде материалдык-техникалык базасы 2 имаратта жайгашкан. Ар тараптуу келишимдердин негизинде жыл сайын кеңейтилип жалпы аянты 7755 $м^2$ аянтка жеткен. Ошондой эле аймактык оорукананын бөлүмдөрүндө, Өзгөн үй- бүлөлүк дарыгерлер борборунда окуу кабинеттери жайгашкан. 1 студентке жалпы аянттан $16м^2$ дал келет (нормада $8м^2$). Окуу кааналары жана клиникалык кабинеттер окуу планына ылайык талапка жооп берет. Андан сырткары, компьютердик класс, электрондук китепкана, көз карандысыз тестирлөө борбору түзүлүп заманбап компьютерлер менен жабдылган. Жаңы технологиялар менен сабак өтүү максатында 4 аудиторияга интерактивдүү доска орнотулуп, студенттердин билим алуусуна ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Колледждеги технологиялык борбордун компьютерлери «Internet» тармактарына жана Wi-Fi туташтырылган. Өлкө башчысы 2019-жыл аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылы деп жарыяландыгына байланыштуу коллежге 1500 чакырым жерге оптика волокна зымы тартылып 10мбит/с ылдамдыкта 2 корпуска интернет түйүнү орнотулду. Студенттер бүткүл дүйнөлүк информациялык мейкиндиктеги кабарлар менен таанышып, электрондук китептерден пайдаланып, мультимедиялык технологиялар аркылуу терең билим алышат.

Колледжде клиникага жакындатылган моделде тиш дарылоо борбору, реанимациялык, кабыл алуу бөлүмү, процедуралык, ымыркайга биринчи жардам көрсөтүү, фармацевтикалык жана тиш жасоочу лаборатория түзүлгөн. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, Өзгөн медициналык колледжинин алдында клиникалык борбор ачылган. Азыркы кезде клиникага Кытай Эл Республикасы, Германиядан, Россиядан ж.б. жаңы үлгүдөгү медициналык аппараттар алынып келинип, студенттердин терең билим алуусуна көмөктөш болуу менен бирге оорулууларга да пайдасы тийүүдө. Ал жерде массаж, аптека, физиотерапиялык кабинеттер керектүү инструменттер менен жабдылган. Студенттер ар бир сессиянын аягында клиникада, бейтапканаларда, дары жасоо мекемелеринде практика өткөрүшүп алган билимдерин бекемдешет. 2012-жылы Өзгөн медициналык колледжи жаңы медициналык тренажер, муляж менен камсыздалып, медициналык тренажердук зал иштеп жатат. Колледждин башкы корпусунда спорттук машыгуу зал уюштурулган.

**21. Окутуу процессин “AVN” информациялык системасында уюштуруунун абалы. Студент, окутуучу, кафедра жана факультет канчалык деңгээлде пайдаланууда. “AVN”дин билим берүү порталы, вебинар, тесттердин колдонуу деңгээли боюнча маалымат. ОшМУнун сайтындагы кафедранын маалыматтарынын окуу-усулдук, тарбиялык иштерди сапаттуу уюштурууга кошкон салымы боюнча маалымат.**

Ош мамлекеттик университетинде 2009-2010-окуу жылынан баштап «AVN» Информациялык системасына (мындан ары «AVN» ИС) Өзгөн эл аралык медициналык коллежинин 2018-2019-окуу жылына карата окуу пландары толук киргизилген. Ошондой эле кафедралырдагы сааттарды бөлүштүрүү, штаттык жадыбалдар дирекциянын штаттык жадыбалы толугу менен түшүрүлгөн. Студенттердин тизмеси, контингенти, кыймылы толук түшүрүлгөн. ОшМУнун №10-бюллетенинде көрсөтүлгөн бардык мүмкүнчүлүктөр боюнча толугу менен иштеп жатат.

Окутуучулар, студенттер жана студенттин ата-энеси http://avn.osu сайтынан модулдардын, зачет-экзамендердин электрондук ведомостторун толук көрүүдө, б.а. «AVN» ИС студенттердин билимин баалоо процессинин ачык-айкын болушун камсыз кылып берүүдө. Ошондой эле студенттин электрондук зачеткасы 1-курстан баштап регулярдуу толтурулууда.

Модулдар жана сынактар графикке ылайык өз убагында AVNге түшүрүлүп турулду. Окуу жылдын этегинде аткарылган окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышы автоматтык түрдө AVNден алынганы кафедра башчылардын жумушун жөнөкөйлөтөт. AVN системасы студенттерге ыңгайлуу, алар жетишкендиктери, сабактар боюнча интернеттен кеңири жана так маалымат алышат.

Азыркы күндө жаңы окуу жалына карата 2020-2021-окуу жылына даярдалган окуу пландары киргизилди.

«AVN» ИС Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде толук шартта иштеп жатат.

**22. Сунуштар, пикирлер.**

1. Ош МУдагы мыкты окутуучу номинацияларын алган окутуучулардын ачык сабактарын уюштуруп, ага бардык факультеттердеги жаш окутуучуларды катыштыруу;
2. Спецификалык илимий, илимий-усулдук басылмаларды алууга акча каражатын бөлүүнү ректораттан сурайбыз;
3. Адистиктерге байланыштуу вертуалдык лабораториялар курууну сунуштайбыз;
4. «Фармация» адистиги боюнча билим сапатын жогорулатуу максатында Фармацевтикалык технология жана ОЭФ дисциплиналары боюнча дарыкананы жана дары өсүмдүктөрдүн чийки заттарын кабыл алуу боюнча кампаны уюштуруу үчүн ОшМУдан көмөк көрсөтүүнү сурайбыз;

5. Колледждеги китептердин фонду жетишерлик санда болгону менен көбүнчө эски китептер менен камсыздалган. Китепкананы жаңы жана эне тилиндеги китептер менен толуктоо зарылдыгы бар;
6. Тышкы мамлекеттеги окуу жайлар менен байланышты күчөтүү зарыл;
7. Окуу бөлүмүн жана кабинеттерин жаңы инвентарлар менен камсыздоо зарыл.
8. Окуу жайыбыздын айланасына ачык асман спорттук машыгуучу эмеректерди орнотууну сунуштайбыз.
9. Башкы имараттын жер төлөөсүнө вентиляция коюуну сунуштайбыз.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Окуу иштери боюнча 2019-2020-окуу жылындагы аткарылган иштердин отчету канааттандырарлык деп.
2. Жаңы окуу жылына карата пландалган иш чаралар бекитилсин.

**2. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 11-ноябрдагы №3 жыйынында Тарбия иштери боюнча 2019-2020-окуу жылындагы аткарылган иштер жана жаңы окуу жылына карата пландалган иш чаралар боюнча маалымат маселесине карата**

**УГУЛДУ:** Күн тартибиндеги экинчи маселеде колледждин 20 жылдык юбилейдик маарекесин уюштуруу иш чаралары жөнүндө уюштуру тобунун төрайымы Г.Т.Кошатова маалымат берди. Пандемиялык кырдаалга байланыштуу юблейди өткөрүү иш чаралары кайрадан каралып чыгаруу, зарылчылык болсо өзгөрүү болору белгилүү болду.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 20 жылдык юбилейдик маарекесин өткөрүү иш чаралары пандемиялык кырдаалга байланыштуу кайрадан каралсын.

### 3. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 1-сеньябрдагы №2 жыйынында ар түркүн маселеде

**УГУЛДУ:** Ар түркүн маселелерде жаңы окуу жылына карата түзүлгөн дисциплиналардын иш кагаздары: жумушчу программа, силлабус, ДОМКри, сабактардын иштелмелери боюнча усулдук кеңештин курмаы маалымат берди.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Жаңы окуу жылына карата дисциплиналардын иш кагаздары: жумушчу программа, силлабус, ДОМКри, сабактардын иштелмелери бекитилсин.
2. Иш кагаздарды убагында түзүп, бекитпеген окутуучулардын окуу жүктөмдөрү кайрадан каралары, эгер зарылчылык болсо сааттары кыскартылары бардык окутуучуларга эскертилсин.

**Педагогикалык кеңештин төрагасы:** **Станбаев Ө.Т.**

**Педагогикалык кеңештин катчы:** **Тойгелди кызы А.**